**ЭМКЖга 02-003-2021-014059 саны менен катталган материал боюнча**

# МААЛЫМАТ

2021-жылдын 11-июль күнү Борбордук шайлоо комиссиясынын алдында түзүлгөн Ыкчам координациялык тобуна маалымат келип түшкөн. Ал жерде, Бишкек шаарынын Дубосековский көч. [redacted] дергинде жайгашкан [redacted]-орто мектебиндеги №1301 шайлоо участкасына "Мерседес-Бенц Спринтер" үлгүсүндөгү, мамлекеттик номери [redacted] болгон автоунаа менен шайлоочуларды алып келип жатат деген маалымат келген.

Бул маалымат 11.07.2021-ж. Бишкек шаарынын ИИББнын ЭМКЖна 02-003-2021-014059 саны менен катталып, Свердлов РИИБнын документтештирүү тобу аталган дареке барып текшерүү иштери жүргүзүлдү.

№1301 шаайлоо участкасына барган учурда, аталган "Мерседес-Бенц Спринтер" үлгүсүндөгү, мамлекеттик номери [redacted] болгон автоунаасы жок болуп чыккан. Ал эим, [redacted] [redacted]-ж.т., 11.07.2021-ж. саат 07:50 чамасында №1301 шайлоо участкасына барган учурда, аталган автоунаа ошол жерде тургандыгын көргөн. Андан соң, элдерди ташып жатат деген шек санап, Борбордук шайлоо комиссиясынын алдында түзүлгөн Ыкчам координациялык тобуна маалымат бергендигин билдирген. Документтештирүү тобунун кызматкерлери, аталган шайлоо участкасында турган милиция кызматкерлерин сураган учурда, алар аталган автоунааны ошол заматта эле текшергендигин, ал жактан 2 гана киши чыккандыгын, ал эми айдоочусу Ысык-Көлгө эс алганы кетип бара жаткандыгын айтып, туугандарын эрте шайлоого алып келип, кайра кетишкендигин билдирген.

Текшерүүнүн жыйынтыгында, 11.07.2021 ж. аталган материал номенкулатуралык дело болуп чечилди. (03-2021-006505).

11.07.2021-ж. материалдык көчүрмөсү Бишкектик аймактык шайлоо комиссиясына чыгыш №22/3-14059 саны менен жөнөтүлдү.

**Бишкек шаарынын Свердлов РИИБнын Тергөө кызматы**